Долбоор

**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Чүй областынын Ысык-Ата районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшүнө жана аткарылышына, муниципалдык ишканалардын ишине жана республикалык бюджеттеги айрым мекемелердин бюджеттеринин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттердин жыйынтыктары жөнүндө**

**Отчет**

**Аудит объекттери:** Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Ата финансы башкармалыгы, Ысык-Ата районунун Өнүктүрүү фонду жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Аудит объекттеринин жалпы милдеттерине мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле, ушул аудиттин предметине болгон жоопкерчилик кирет.

**Аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде шайкештик аудит предмети аудиттин тиешелүү критерийлерибоюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп болжолдойбуз.

**Предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу процесстеринин, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелердин жана муниципалдык ишканалардын мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын талаптарына шайкештиги эсептелет.

Аудиттин жалпы көлөмүнө киргизилген конкреттүү иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдык, ченемдик жана укуктук актыларын изилдөө;
- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышын талдоо;
- бюджеттик процесстин мыйзам-ченемдерге шайкештигине аудит;
- бюджеттин киреше бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит (республикалык бюджеттеги мекемелер үчүн гана);
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- эмгек акыга каражаттардын пайдаланылышына аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалына аудит;
- командировка чыгымдарына жана эсеп берме жактар менен эсептешүүгө аудит;

- транспорт каражаттарын күтүүгө, КММ чыгымдарына ченемдердин сакталышына, запастык бөлүктөрдү эсептен чыгаруунун негиздүүлүгүнө ж.б. аудит;

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызматтарына ченемдердин сакталышына аудит;

- курулуш-куроо иштерине, капиталдык жана учурдагы оңдоо иштерине каражаттарды пайдаланууга аудит;

- ижара мамилелерине аудит;

- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;

- мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүгө аудит;

- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын, так отчеттуулуктагы бланктардын сакталышына аудит;

- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына аудит;

- аудиттин жыйынтыктарын тариздөө.

**Аудиттин критерийлери**

Жергиликтүү бюджеттердин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын, ошондой эле, республикалык бюджеттеги мекемелер жана муниципалдык ишканалар үчүн мамлекеттик каражаттарды жана мүлктү пайдалануунун мыйзамдарга шайкештигин баалаган критерийлер:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы № 131 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы № 767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 22-майындагы № 278 токтому менен бекитилген Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы № 243 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигининин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо жана башка ЧУА;

- ички ченемдик документтер ж.б.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Аудиттер шайкештик аудит үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы каралган), ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудитинин колдонмосуна жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2016-жылдын 20-декабрындагы №03-7/155 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жана анын аймактык бөлүнүштөрү тарабынан жергиликтүү бюджеттерге аудит жүргүзүү боюнча көрсөтмөсүнө ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача мүнөздөмөсү**

Аудиттерди жүргүзүүнүн негизи болуп, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн буйруктары саналат.

Аудиттер Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Ата финансы башкармалыгында, Ысыек-Ата районунун Өнүктүрүү фондунда, Ысык-Ата районунун **19** өз алдынча башкаруу органдарында жана Ысык-Ата районунун 8 муниципалдык ишканаларында жүргүзүлгөн.

Аудиттер Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, аудит объекттеринин кызмат адамдары тарабынан берилген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, аудитке берилген бухгалтердик документтердин толуктугу жана аныктыгы үчүн документтерди берген кызмат адамдары жоопкерчиликти тартат.

**Мурдагы аудиттин сунуштамаларынын аткарылышы**

2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы Ысык-Ата районунун жергиликтүү бюджеттеринин түзүлүшү жана аткарылышы, айрым мекемелердин бюджеттик, атайын жана башка каражаттарын пайдалануунун мурдагы аудиттеринде аныкталган:

- финансылык бузуулар – **6 518,3 миң сом**.
- бюджеттин резервдери жана жоготуулары **-11 134,2 миң сом**.
- каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу- **1 364,9 миң сом.**

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 4 969,6 миң сом суммасындагы финансылык бузуулардын бардыгы 3 575,4 миң сому калыбына келтирилген.

Калыбына келтирилбеген **1 394,2** миң сом калган (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмдөрүн жогорулатылышы), анын ичинде:

- Ивановка айыл өкмөтү - 1 004,1 миң сом;
- Кен-Булуң айыл өкмөтү – 261,4 миң сом;
- Сын-Таш айыл өкмөтү – 93,6 миң сом;
- Туз айыл өкмөтү – 35,1 миң сом.

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын отурумунда каралган.

**2022-жылга Ысык-Ата районунун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү:**

Өнөр жай продукциясын өндүрүүнүн көлөмү 2022-жылы 20 273,3 млн.сомду түзгөн, өткөн жылга салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 104,1% түзгөн.

Чакан жана орто ишканалардын өндүрүшүнүн көлөмү 3 700,2 млн.сомду же район боюнча өндүрүштүн жалпы көлөмүнүн 18,3 пайызын түзгөн.

Автомобиль жана жүк ташуулардын көлөмү 1 957,5 миң тоннаны түзгөн, же жүк жүгүртүү 39 295,0 миң тонна/км, план 101,0% аткарылган, жүргүнчүлөрдү ташуу 20 769,0 миң адам, же план 104,0 пайызга аткарылган.

Коомдук тамактануу жайларын кошкондо, соода жүгүртүүнүн көлөмү 17 745,8 миң сомго, же 151,0 пайызга аткарылган.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү 1 605,3 млн.сомду түзгөн, өткөн жылдын деңгээлине салыштырмалуу 130,2 % түзгөн.

Отчеттук мезгилде каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга 1 415,2 млн.сом инвестиция тартылган, же 2021-жылдын деңгээлине карата өсүү темпи 139,1 пайызды түзгөн (2021-жылы 703,7 млн. сом инвестиция тартылган).

2022-жылы 40 чарбакер субъект 586 508,3 миң сом капиталдык салым менен эксплуатацияга киргизилген, 195 жумуш орундары түзүлгөн.

2022-жылы өндүрүлгөн айыл чарба продукциясынын жалпы көлөмү 34 608,2 млн.сомду, 2021-жылга салыштырганда өсүү темпи 131,2 процентти түзгөн. Анын ичинде мал чарбачылыгы – 9 978,1 млн.сом, же 102,7%, талаа чарбачылыгы – 24 630,1 млн. сом, же 147,9%.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-январындагы буйругу менен бекитилген "Айыл чарбасын каржылоо -10" долбооруна ылайык отчеттук мезгилде дыйкан жана мал чарбачылыгын өнүктүрүүгө 170 адамга 119 377,0 миң сом жеңилдетилген насыялар берилген (2021-жылы 218 адам 103 507 миң сом алган).

"Айыл Банк" ААК "Күрөөсүз чакан насыя" долбоору боюнча өсүмдүк өстүрүү жана мал чарбачылыгы үчүн 323 кредит жалпы суммасы 27 445,6 миң сом, жылдык 8 пайыз менен камсыздалган.

"Айыл Банк" ААК аркылуу лизингге 27 бирдик айыл чарба техникасы 65 091,4 миң сом суммасына берилген.

**2022-жылга бюджеттин аткарылышы**

2022-жылга мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн планы тактоолор менен 1 541 498,1 миң сом суммасында бекитилген, кирешелердин иш жүзүндө аткарылышы 1 525 264,4 миң сом суммасында камсыз кылынган, же план 98,9% аткарылган.

Республикалык бюджеттин каражаттары боюнча каржылоо планы 1 132 780,0 миң сом суммасына бекитилген, иш жүзүндө 1 082 700,4 миң сом каржыланган же 95,6% аткарылган.

Жергиликтүү бюджеттин каражаттары боюнча түшүүлөрдүн киреше бөлүгүнүн планы тактоолор менен 408 718,1 миң сом суммасында бекитилген, кирешелердин иш жүзүндө аткарылышы 442 564,0 миң сом суммасында камсыз кылынган же план 108,3% аткарылган.

Чүй облусунун Ысык-Ата районунда өткөрүлгөн шайкештик аудиттеринин алкагында: Ысык-Ата районунун мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын

Финансы министрлигинин Ысык-Ата финансы башкармалыгы, Ысык-Ата районун өнүктүрүү фонду, **19** жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана Ысык-Ата районунун **8** муниципалдык ишканалары камтылган.

Чүй областынын Ысык-Ата районунда жүргүзүлгөн аудиттерде **87 179,8 миң сом** финансылык бузуулар аныкталган, анын ичинен:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджет долбоорлорун түзүүдөгү жана кароодогу бузуулар – **22 059,1** миң сом, анын ичинен:

Бюджеттин долбоору менен бир эле убакта түзүлүүчү бюджеттин долбоорун жана документтерди түзүүдөгү бузуулар – **22 059,1** миң сом, анын ичинде:

**11010510** Бюджеттик мыйзамдын талаптарына бюджет долбоорунун киреше бөлүгүнүн туура келбеши – 22 059,1 миң сом.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттерди аткаруудагы бузуулар жана кемчиликтер – **17 268,3** миң сом, анын ичинде:

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн жана кайтаралышын камсыз кылуу боюнча чаралардын көрүлбөшү – **101,3** миң сом, анын ичинде:

**21020110** Бюджетке төлөмдөрдү эсептөөнүн тууралыгы, толуктугу жана өз учурунда төлөнүшү боюнча, алар боюнча туумдарды жана айып пулдарды эсептөө жана төлөө боюнча контролду жүргүзүү боюнча чаралардын көрүлбөшү – 101,3 миң сом.

Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы тиешелүү бюджеттерге которулбаган каражаттар – **5 354,6** миң сом, анын ичинде:

**21030110** Бюджетке мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү тескөөдөн, мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудан алынган каражаттарды, ошондой эле акы төлөнүүчү мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелерди которбоо (өз убагында же толук эмес которуу) -5 354,6 миң сом;

Кыргыз Республикасындагы бюджеттик тутумдун бюджетинин каражаттарын максатсыз пайдалануу – **3 251,8** миң сом, анын ичинде:

**23010510** Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттик чыгымдардын коддору боюнча бюджеттик каражаттарды санкцияланбаган кайра бөлүштүрүү – 420,9 миң сом;

**23010610** Бюджеттик мыйзам менен белгиленген көлөмдөн ашырылган өлчөмдө жана бөлүү шарттары менен каралбаган максаттарга резервдик фонддун каражаттарын пайдалануу (пайыздык катышта тиешелүү бюджеттин жалпы чыгымдарына карата) – 2 830,9 миң сом.

Капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюдежттик каражаттарды пайдаланиуудагы бузуулар - **4 014,0** миң сом, анын ичинде:

**23020701** Капиталдык салымдарга каражаттарды пайдаланууда жана курулуш иштерин аткаруудагы жана башка бузуулар – 4 014,0 миң сом.

Милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар) – **2 488,3** миң сом, анын ичинде:

**23030310** Кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар – 64,8 миң сом;

**23030610** ТМБ нормативден ашыкча запастары жана эсептөөлөрдөгү каражаттар – 2 423,5 миң сом.

Каражаттарды чыгымдоодо алуучулардын жана башка бузуулары – **2 058,3** миң сом, анын ичинен:

**23070110** Бухгалтердик эсепти жүргүзүү тартибин бузуу менен, отчет берүүгө авансаларды берүү – 11,2 миң сом;

**23070410** Ашыкча төлөө жана белгиленбеген төлөмдөр – 2 047,1 миң сом.

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү алуудагы жана пайдалануудагы бузуулар жана кемчиликтер - **35 539,1** миң сом, анын ичинде:

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү сактоонун камсыздалбашы – **15 351,4** миң сом, анын ичинде:

**31010410** Негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын эскиришин жана материалдык эмес активдерди эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте эсепке алынбаган, кириштелбеген мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн болушу – 15 333,7 миң сом;

**31010510** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктүн жана мамлекеттик акча каражаттарынын кем чыгышы (бузулушу, жоголушу, уурдалышы) – 17,7 миң сом.

Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудагы бузуулар – **20 187,7** миң сом, анын ичинде:

**31020210** Бюджетке ижара акысын өз учурунда чегерүүнү камсыздоо боюнча контролдоонун жана чараларды көрүүнү жоктугу – 19 766,4 миң сом;

**31020710** Мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү ижарага берүүдө ижара келишиминин шарттарынын сакталбашы – 421,3 миң сом.

Эсеп жана отчеттуулук тартибин бузуулар – **593,0** миң сом, анын ичинен:

Бюджеттик (бухгалтердик) эсепти жүргүзүү эрежелерин бузуу - **593,0** миң сом, анын ичинен:

**41020210** Дебитордук карызды эсепке алуу боюнча бузуулар – 593,0 миң сом.

Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар - **11 720,3** миң сом, анын ичинде:

Мыйзам менен белгиленген мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү жол-жобосун жана талаптарын бузуулар – **11 720,3** миң сом, анын ичинен:

**51011301** Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү жана башка бузуулар – 11 720,3 миң сом.

**Корутунду:**

Жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыгында, төмөнкү мекемелердин иштери, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспекттерде мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясы**

2022 – жылга чыгымдар сметасы 13 971,7 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 19 171,3 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 18 054,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 17 266,7 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат орундарына кадрлардын резервинде турбаган 5 кызматкер) кабыл алынган, аларга аудит мезгилинде **425,3** миң сом суммасында эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка кабыл ааууда, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси так жетекчиликке алынсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну

тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 4-пунктун бузуу менен, райондук администрация башчысынын биринчи орун басарына бекитилип берилген райондук администрация башчысынын биринчи орун басарына бекитилип берилген мамлекеттик номери 00-39 SG "Мерседес Бенц 320" автоунаасынын кыймылдаткычынын көлөмү 3 199 куб. см түзөт, бул 2700 куб. см белгиленген ченемден ашык.

**Сунуштама:**

Баланстагы автоунаалардын кыймылдаткычтарынын көлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарына шайкеш келтирилсин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Администрациянын балансында 6 жеңил автомашина бар (анын ичинен 2 иштебеген абалда), бул Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун 3-тиркемесине ылайык, белгиленген ченемден 2 бирдикке ашык.

**Сунуштама:**

Автоунаалардын саны Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарына шайкеш келтирилсин.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жыл ичинде Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын административдик имаратында райондун 7 бюджеттик мекемелери (өнүктүрүү фонду, билим берүү бөлүмү ж.б.) жайларды ижарага алышкан. Мында, ижара келишимдери түзүлгөн эмес, ижарачылар тарабынан керектелген коммуналдык кызматтар үчүн акы төлөгөн эмес.

Ошондой эле, 2019-жылдын 1-майындагы келишимге ылайык, Ысык-Ата райондук архитектура жана шаар куруу башкармалыгы 7 кабинетти ижарага алат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341 токтомунун редакциясында) токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2016-жылдын 26-январындагы № 8 буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик, анын ичинде администрациялык курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, келишимдин шарттарында ижара акысы каралган эмес, коммуналдык кызматтар гана төлөнөт.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №341 токтомунун редакциясында) токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобону жана Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин 2016-жылдын 26-январындагы № 8 буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик, анын ичинде администрациялык курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижаралык акыны эсептөө тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так жетекчиликке алынсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мейманалиев Дж.

**Ысык-Ата районунун Өнүктүрүү фонду**

2022 – жылга чыгымдар сметасы 24 880,6 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 38 068,2 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 20 542,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 22 280,9 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 14-октябрындагы №220 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобонун 12-пунктун бузуу менен, Фонд тарабынан мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого **2 830,9** миң сом каржыланган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 14-октябрындагы №220 токтому менен бекитилген Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобонун талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Курманбеков Т.

**Кант шаарынын мэриясы**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 210 030,2 миң сомго бекитилген, анын ичинде атайын эсептин каражаттары 7 300,0 миң сом, жыл ичинде 268 539,4 миң сомго такталган, иш жүзүндө 282 730,2 миң сом түшкөн, же план 105,3% аткарылган. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы 69 059,9 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 210 030,2 миң сом суммасына бекитилген, жыл ичинде 337 599,3 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 281 699,6 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 194 472,0 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин “бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актыга бюджеттик жылдын ичинде экиден ашык эмес өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн: биринчиси - учурдагы бюджеттик жылдын 1-июнуна чейин, экинчиси - 1-ноябрына чейин”, деп белгиленген 115-беренесинин 4-бөлүгүнүн талаптарын бузуу менен, Кант шаардык кеңешинин токтомдору менен бюджетке 5 жолу өзгөртүүлөр киргизилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджетти бекитүүдө, өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүдө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесинде белгиленген мөөнөттөр так сакталсын.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын башына карата короо жанындагы участокторду пайдалануу үчүн жер салыгын төлөө боюнча карыз жана жылдык төлөөгө эсептелген суммалар 969,0 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, кирешелердин бул булагы боюнча такталган план-болжол 630,0 миң сом суммасында кабыл алынган, башкача айтканда, 339,0 миң сомго төмөндөтүлгөн.

2022-жылдын башына карата айыл чарба багытындагы эмес жерлерди пайдалануу үчүн ижара акысы боюнча карыз жана жылдык төлөөгө эсептелген суммалар 2 878,1 миң сомду түзгөн. Бирок, кирешелердин бул булагы боюнча такталган план-болжол 1 269,0 миң сом суммасында кабыл алынган, же 1 609,1 миң сомго төмөндөтүлгөн.

2022-жылдын башына карата ТККны ташып чыгаруу үчүн төлөмдөр боюнча карыз жана жылдык төлөөгө эсептелген суммалар 7 399,7 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, кирешелердин бул булагы боюнча такталган план-болжол 4 980,0 миң сом суммасында кабыл алынган, тиешелүү түрдө 2 417,7 миң сомго төмөндөтүлгөн.

Ошентип, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн төмөндөтүүгө байланыштуу жалпы жоготуулары **3 825,8** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке алынбагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-куроо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин көлөмдөрүнүн жогорулатылгандыгы аныкталган:

- Кант шаарынын (Горький көч.) көчөлөрүнүн асфальтбетон катмарын капиталдык оңдоо" объекти боюнча подрядчы “Дор-Мастер" ЖЧКсы тарабынан 1 330,6 миң сомго;
- "№32 МЧББ мекемесинин имаратындагы жалпы курулуш иштери" объектиси боюнча подрядчы "АлБиСо" ЖЧКсы тарабынан 132,0 миң сомго;
- "Кант шаарындагы КТБнын аймагын оңдоо жана көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "Гарант Строй Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан 66,2 миң сомго;
- "Кант шаарындагы БДЧБ (ДОЦ) жалпы курулуш иштери" объектиси боюнча подрядчы "СМК Вертикаль" ЖЧКсы тарабынан 58,6 миң сомго;
- "Кант шаарынын жолдорун гравировкалоо" объектиси боюнча подрядчы "Бишкек Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан 31,6 миң сомго;
- "Кант шаарынын (Ванахун көч.) көчөлөрүнүн асфальтбетон катмарын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кант Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 28,1 миң сомго;
- "Кант шаарындагы БДЧБ жалпы курулуш иштери" объектиси боюнча подрядчы "СМК Вертикаль" ЖЧКсы тарабынан 18,7 миң сомго;
- "Кант шаарынын паркын оңдоо жана көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "Билги Групп" ЖЧКсы тарабынан 12,0 миң сомго;
- "Кант шаарынын (автобаза району) көчөлөрүнүн асфальтбетон катмарын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Канткурулуш" ЖЧКсы тарабынан 10,4 миң сомго.
- Бардыгы, иштердин көлөмү **1 688,2** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- Кант шаарынын (Горький көч.) көчөлөрүнүн асфальтбетон катмарын капиталдык оңдоо" объекти боюнча подрядчы “Дор-Мастер" ЖЧКсы тарабынан 1 330,6 миң сом;
- "№32 МЧББ мекемесинин имаратындагы жалпы курулуш иштери" объектиси боюнча подрядчы "АлБиСо" ЖЧКсы тарабынан 132,0 миң сом;
- "Кант шаарындагы КТБнын аймагын оңдоо жана көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "Гарант Строй Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан 66,2 миң сом;
- "Кант шаарындагы БДЧБ (ДОЦ) жалпы курулуш иштери" объектиси боюнча подрядчы "СМК Вертикаль" ЖЧКсы тарабынан 58,6 миң сом;
- "Кант шаарынын жолдорун гравировкалоо" объектиси боюнча подрядчы "Бишкек Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан 31,6 миң сом;
- "Кант шаарынын (Ванахун көч.) көчөлөрүнүн асфальтбетон катмарын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кант Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 28,1 миң сом;
- "Кант шаарындагы БДЧБ жалпы курулуш иштери" объектиси боюнча подрядчы "СМК Вертикаль" ЖЧКсы тарабынан 18,7 миң сом;
- "Кант шаарынын паркын оңдоо жана көрктөндүрүү" объектиси боюнча подрядчы "Билги Групп" ЖЧКсы тарабынан 12,0 миң сом;
- "Кант шаарынын (автобаза району) көчөлөрүнүн асфальтбетон катмарын капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Канткурулуш" ЖЧКсы тарабынан 10,4 миң сом.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун 4-пунктун бузуу менен, райондук администрация башчысынын биринчи орун басарына бекитилип берилген райондук администрация башчысынын биринчи орун басарына бекитилип берилген мамлекеттик номери 2515 SK "Мерседес Бенц 320" автоунаасынын кыймылдаткычынын көлөмү 3 199 куб. см түзөт, бул 2700 куб. см белгиленген ченемден ашык. Автотранспорттун

спидометрлери иштебеген абалда, буга байланыштуу, жол баракчаларынын реквизиттери толук көлөмдө толтурулбайт.

**Сунуштама:**

Балансттагы автоунаалардын кыймылдаткычтарынын көлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык келтирилсин. Автотранспорттун спидометрлери иштеген абалга келтирилсин. Мындан ары, жол баракчаларынын реквизиттери толук көлөмдө толтурулсун.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн ижара акысы боюнча карыздын өсүү тенденциясы бар. Алсак, 2022-жылдын 1-январына карата карыз 752,4 миң сомду түзүп, жыл ичинде 152,6 миң сомго көбөйүп, жылдын аягында **905,0** миң сомго жеткен. Аны өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Айыл чарба багытындагы эмес жерлер үчүн ижара акысы боюнча карыздарды өндүрүү боюнча зарыл чаралар, анын ичинде айыптык санкциялар ишке ашырылсын. Бул калдыкты өндүрүү боюнча тийиштүү аракеттерди көрбөгөн адамдарга карата тартиптик чаралары көрүлсүн.

6. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кант шаарынын Суу түтүк-канализация комплексинин мүлкүн пайдалануу үчүн ижара акысынын өлчөмүн аныктоо тартиби жөнүндө Жобонун 5-пунктуна ылайык, (Кант шаардык кеңешинин 2020-жылдын 25-сентябрындагы № 94/ XVIII-26 токтомуна тиркеме), "Маркетинг сервис" ЖЧКнын ижара акысы (шаардык суу канал функцияларын ишке ашырат) жыл сайын суу менен камсыздоого жана саркынды сууларды чыгарууга тарифтерди белгилөө менен, бир убакта белгиленет. Кант шаардык кеңешинин 2021-жылдын 19-мартындагы №167/ XXIII -27 токтому менен 01.06.2021-жылдын 1-июнунан тартып сууну пайдаланууга тарифтерди 35,3%га жогорулатуу каралган, бирок, жаңы тарифтерди белгилөө менен "Маркетинг Сервис" ЖЧКнын ижара акысынын өлчөмү кайра каралган эмес. Ушуга байланыштуу, аудит мезгилинде жергиликтүү бюджеттин жоготуулары эсептик түрдө **101,3** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, суу менен камсыздоого жана саркынды сууларды чыгарууга жаңы тарифтерди белгилөө менен, "Маркетинг Сервис"ЖЧКнын ижара акысынын наркы дароо кайра каралсын.

7. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылдын 31-декабрына карата катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн жеке жана юридикалык жактардын карызы **2 230,5** миң сомду түзгөн. Аны өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу боюнча кызматтар үчүн жеке жана юридикалык жактардын карыздарын өндүрүү боюнча зарыл чаралар ишке ашырылсын. Бул калдыкты өндүрүү боюнча тийиштүү аракеттерди көрбөгөн адамдарга карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Мейманалиев Дж., Кубанычбеков Д.

**Ак-Кудук айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 16 359,7 миң сомго бекитилген, такталган план 22 680,1 миң сом, иш жүзүндө 30 479,8 миң сом киреше түшкөн, же план 134,4% аткарылган.

Жылдын башына карата акча каражаттарынын калдыгы 3 942,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде, атайын эсептин каражаттары боюнча 276,3 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 16 359,7 миң сомго бекитилген жана 26 622,6 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 19 732,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 15 643,9 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, иштердин наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- “Киров айылындагы Центральная көчөсүнүн (I лот); Ак-Кудук айылындагы Токтогул, Безымянная, Пушкин көчөлөрүн асфальт-бетон жабуусун капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кантдорстрой" ЖЧКсы тарабынан " 353,0 миң сомго;
- "Киров айылындагы китепкананы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кеменгер Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан 31,4 миң сомго;
- "Киров айылындагы "Лапушка" бала бакчасындагы ашкананы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кеменгер Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан 19,1 миң сомго.
- Бардыгы, **403,5** миң сомго иштердин наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- “Киров айылындагы Центральная көчөсүнүн (I лот); Ак-Кудук айылындагы Токтогул, Безымянная, Пушкин көчөлөрүн асфальт-бетон жабуусун капиталдык оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кантдорстрой" ЖЧКсы тарабынан " 353,0 миң сом;
- "Киров айылындагы китепкананы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кеменгер Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан 31,4 миң сом;
- "Киров айылындагы "Лапушка" бала бакчасындагы ашкананы оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Кеменгер Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан 19,1 миң сом.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **52,8** миң сомго отундун нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Кенешов Ш., Кубанычбеков Д.

**“Ак-Кудук” муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Ак-Кудук айыл өкмөтү)

2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, эсептен чыгарылууга тийиш болгон салык салынуучу кирешелер жана чыгашалар 801,0 миң сомду түзгөн. Демек, ишкана тарабынан эч кандай пайда же зыян алынган эмес.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому мекнен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бузуу менен, конкурс

өткөрүлбөстөн, конкурстук комиссия түзүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды жайгаштырбастан аудит мезгилинде **81,8** миң сомго товардык-материалдык баалуулуктар сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому мекнен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Кенешов Ш.

**Бирдик айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 5 149,1 миң сомго бекитилген, такталган план 6 627,0 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 7 889,1 миң сом түшкөн, же план 119,0% аткарылган. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы 2 094,4 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 5 149,1 миң сомго бекитилген, такталган план 8 721,4 миң сомду түзгөн, кассалык чыгаша 7 373,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 6 869,8 миң сомду түзгөн.

**Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын 10-беренесин бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды электрондук веб-порталда жайгаштырбастан, **33,9** миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мамытов Н.

**Жээк айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 11 693,7 миң сомго бекитилген, 13 163,8 миң сомго такталган, иш жүзүндө 16 665,4 миң сом түшкөн, же план 126,6% аткарылган, же такталган пландан 3 409,6 миң сомго көп түшкөн. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы 7 863,3 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 11 693,7 миң сом суммасында бекитилип, 21 027,1 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 19 463,4 миң сомго жүргүзүлгөн, иш жүзүндөгү чыгашалар 8 986,6 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, "Дмитриевка жана Жээк айылдарынын клубдарын капиталдык оңдоо» объекти боюнча" объектиси боюнча подрядчы "Кеменгер Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан иштердин көлөмдөрүнүн **58,2** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Дмитриевка жана Жээк айылдарындагы клубдарды капиталдык оңдоо"объектиси боюнча подрядчы "Кеменгер Инжиниринг" ЖЧКсы тарабынан 58,2 миң сомго иштердин жогоулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча

эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **304,1** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Мадакеев Т., Кубанычбеков Д.

**Ивановка айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 38 742,5 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 46 565,9 миң сомго такталган, иш жүзүндө 49 881,5 миң сом түшкөн, же план 107,1% аткарылган. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы 8 814,1 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 38 742,5 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 55 380,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 43 433,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 30 761,2 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, **1 004,1** миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Аймактык бөлүм тарабынан Кош-Коргон айыл өкмөтүнүн калыбына келтирилбеген 1 004,1 миң сом боюнча материалдары Чүй областынын прокуратурасына жиберилгендиги белгиленсин. Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын. 1 004,1 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы).

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүү боюнча 7 579,1 миң сом суммасында келишимдер түзүлгөн, ижара акысы боюнча жыл башына карата дебитордук карыз 355,6 миң сомду түзгөн. Мында, АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшүүлөрдүн такталган пландык көрсөткүчү 2022-жылга 3 050,0 миң сом өлчөмүндө кабыл алынган, же бюджеттин киреше бөлүгү **4 529,1** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке алынбагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын башына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча дебитордук карыз 355,6 миң сомду түзгөн жана жыл ичинде 3 689,0 миң сомго өсүп, 2023-жылдын

1-январына карата **4 044,6** миң сомду түзгөн. Салык калдыгын өндүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан тийиштүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн. Бул калдыкты өндүрүү боюнча тийиштүү чараларды көрбөгөн адамдарга карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы № 161-б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу" буйругун бузуу менен, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдаланууга жол берилген. Алсак, 2121 "Социалдык фондго төгүмдөр" беренесинен которулууга тийиш болгон **420,9** миң сом суммасындагы камсыздандыруу төгүмдөрү 2111 "Эмгек акы" беренесинен которулган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдаланууга жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы № 161-б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу" буйругунун талаптары так аткарылсын.

**5. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, "Ивановка айыл өкмөтүнүн №4 башталгыч орто мектебинин капиталдык оңдоо жана тосмо орнотуу» объекти боюнча подрядчы "Азия прогресс групп" ЖЧКсы тарабынан иштердин көлөмдөрүнүн **136,2** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган "Ивановка айыл өкмөтүнүн №4 башталгыч орто мектебинин капиталдык оңдоо жана тосмо орнотуу» объекти боюнча подрядчы "Азия прогресс групп" ЖЧКсы тарабынан 136,2 миң сомго жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**6. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылы Ивановка айыл өкмөтүнө МСКнын Ысык-Ата району боюнча башкармалыгы тарабынан **92,9** миң сом өлчөмүндө айыппул салынган, бул жергиликтүү бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, отчеттордун өз убагында берилбегендиги менен байланышкан жергиликтүү бюджеттин жоготууларына жол берилбесин. Алардын күнөөсү боюнча 92,9 миң сом өлчөмүндө айып пул төлөнгөн адамдарга карата тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**7. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бузуу менен, жылдын аягына карата **663,2** миң сомго көмүрдүн нормативден ашыкча запастары эсептелген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарынын болушуна жол берилбесин. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманын талаптары так сакталсын.

**8. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын 10-беренесин бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды электрондук веб-порталда жайгаштырбастан, **7 606,9** миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Нуранов М., Утурова А. жана Кубанычбеков Д.

**"Ивановка айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү комбинаты" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Ивановка айыл өкмөтү)

2022-жылга Бирдиктүү салык декларациясына ылайык, эсептен чыгарылууга тийиш болгон салык салынуучу кирешелер жана чыгашалар 3 262,2 миң сомду түзгөн. Демек, ишкана тарабынан эч кандай пайда же зыян алыган эмес.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга таштанды чыгаруу үчүн тариф Ивановка айылдык кеңешинин токтому менен ар бир короого 360 сом өлчөмүндө бекитилген, ошону менен бирге, аудит мезгилинде таштанды ташып чыгууга кеткен чыгымдар алынган кирешеден 2,4 эсе ашкан. Ошентип, таштанды чыгаруу үчүн бардыгы 1 905,1 миң сом чогултулган, ташып чыгарууга кеткен чыгымдар 4 507,8 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Ишкананын рентабелдүүлүгүнө жетишүү максатында, таштанды чыгаруу тарифтерин айылдык кеңеште кайра кароо маселесин каралсын (зарыл эсептөөлөрдү берүү менен).

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылдын 1-январына карата ичүүчү суу менен камсыз кылуу үчүн калктын карызы 886,3 3 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде карыз 479,0 миң сомго көбөйүп, 2022-жылдын 31-декабрына карата 1 365,3 миң сомду түзгөн.

Ошол сыяктуу эле, 2022-жылдын 1-январына карата таштанды чыгаруу үчүн калктын карызы 1 086,3 миң сомду түзгөн. Жыл ичинде карыз 314,9 миң сомго көбөйүп, 2022-жылдын 31-декабрына карата 1 401,4 миң сомду түзгөн.

Ошентип, 2022-жылдын 31-декабрына карата ичүүчү суу жана таштанды чыгаруу үчүн калктын карызы **2 766,7** миң сомду түзгөн. Ишкананын жетекчилиги тарабынан аны өндүрүү боюнча тийиштүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын финансылык абалын чыңдоо максатында, ичүүчү суу жана таштанды чыгаруу үчүн карыздарды өндүрүү, анын ичинде келишимдердин шарттарында каралган айыптык санкцияларды ишке ашыруу боюнча таасирдүү иш-чаралар жүргүзүлсүн. Бул калдыкты өндүрүү боюнча тийиштүү чараларды көрбөгөн адамдарга карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому мекнен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн, конкурстук комиссия түзүлбөстөн, аудит мезгилинде **1 245,2** миң сомго товардык-материалдык баалуулуктар сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301

токтому мекнен бекитилген,  Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Нуранов М., Утурова А.

**Интернационал айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү активдер жана милдеттенмелер менен бирге жалпы суммасы 13 013,1 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 18 541,1 миң сомго такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 21 523,8 миң сомду түзгөн,  же такталган план 116,1%  аткарылган. Жыл башындагы акча каражаттарынын калдыгы 2 532,7 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 13 013,1 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 21 073,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 16 850,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 12 386,2 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн кирешенин такталган план-болжолу 1 366,1 миң сомду түзгөн, мында бул мезгилге ижара келишимдери жалпы суммасы 1 813,1 миң сомго түзүлгөн. Ошентип, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү **447,0** миң сомго негизсиз төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке алынбагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарын бузуу менен, жумуш орундарын аттестациялоосуз, негизсиз **114,4** миң сом үстөк акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн үстөк акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобо жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, айрым кызматкерлерге эмгек акы эсептелбестен, банктык карталарына бардыгы **712,0** миң сом негизсиз которулган, анын ичинде: Б. Айдарбековага – 325,0 миң сом, Н. Калбаевага – 208,7 миң сом, Ч. Акуновага – 80,9 миң сом, Э. Садыровага – 55,3 миң сом ж. б.

**Сунуштама:**

Аудитинин жүрүшүндө ФЭБ башчысы Б. Айдарбекова тарабынан  бюджетке 711,5 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты калыбына келтирилгендиги эске алынсын (2023-жылдын 8-декабрындагы №1 квитанциясы). Аудиттин материалдары укуктук баа берүү үчүн Чүй областынын прокуратурасына жиберилгендиги белгиленсин ( 05.03.2024 -ж. №01-9/82 кат).

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, **593,0** миң сом суммасындагы  дебитордук карыздар бухгалтердик баланс боюнча көрсөтүлгөн эмес, же жашырылган.

**Сунуштама:**

593,0 миң сом суммасындагы аныкталган жашырылган дебитордук карыздар аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик баланс боюнча калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, бухгалтердик эсеп Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги №76 «Бухгалтердик эсеп» жөнүндө Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын башына карата Айыл чарба багытындагы эмес жерлердин ижара акысы боюнча дебитордук карыз 4 491,2 миң сомду түзүп, жыл ичинде 449,0 миң сомго өсүп, 2023-жылдын 1-январына карата **4 940,2** миң сомду түзгөн. Салык калдыгын өндүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан тийиштүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Айыл чарба багытындагы эмес жерлердин ижара акысы боюнча карыздарды, анын ичинде айыптык санкцияларды өндүрүү боюнча таасирдүү иш-чаралар жүргүзүлсүн. Бул калдыкты өндүрүү боюнча тиешелүү аракеттерди көрбөгөн адамдарга карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

6. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылдын башына карата АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы боюнча дебитордук карыз 1 681,8 миң сомду түзүп, жыл ичинде 805,8 миң сомго өсүп, 2023-жылдын 1-январына карата **2 487,6** миң сомду түзгөн. Салык калдыгын өндүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн жетекчилиги тарабынан тийиштүү чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

АЧЖМФ жерлеринин ижара акысы, анын ичинде айыптык санкциялар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча иштиктүү иш-чаралар жүргүзүлсүн. Бул калдыкты өндүрүү боюнча тиешелүү чараларды көрбөгөн адамдарга карата тартиптик жаза чаралары көрүлсүн.

7. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, «Жар-Башы айылындагы мини-футбол талаасынын курулушу" объектиси боюнча подрядчы "Тима плюс" ЖЧКсы тарабынан" иштердин көлөмдөрүнүн жана наркынын **488,9** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган «Жар-Башы айылындагы мини-футбол талаасынын курулушу" объектиси боюнча подрядчы "Тима плюс" ЖЧКсы тарабынан" 488,9 миң сомго иштердин жогорулатылган көлөмдөрүн жана наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

8. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын **153,2** миң сом суммасында 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети тарабынан алынган кирешенин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткаруу камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 153,2 миң сом өндүрүлсүн.

9. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамын 10-беренесин бузуу менен, конкурс өткөрүлбөстөн жана сатып алуулар боюнча маалыматтарды электрондук веб-порталда жайгаштырбастан, **2 121,8** миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, сатып алуу жол-жоболорун өткөрүүнү уюштуруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин талаптары так сакталсын.

**10. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-сентябрындагы №602 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартибинин 3-главасын бузуу менен, жерлер ижарага тооруктарды өткөрбөстөн берилген.

**Сунуштама:**

Мындан ары, АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 3-сентябрындагы №602 токтому менен бекитилген Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартибинин 3-главасынын талаптары так аткарылсын.

**11. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит учурунда, айыл өкмөтүнүн башчысынын 2023-жылдын 21-ноябрындагы №217-р буйругу менен, негизги каражаттарды инвентаризациялоо боюнча комиссия түзүлгөн. Ошону менен бирге, аудит жүргүзүү учурунда, инвентаризациялоонун жыйынтыктары жөнүндө маалымат берилген эмес.

**Сунуштама:**

Негизги каражаттарды инвентаризациялоонун жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнө берилсин.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Курманбеков Т. жана Кубанычбеков Д.

**Кең-Булуң айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 17 397,4 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 26 532,2 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү киреше 33 312,6 миң сомду түзгөн, же план 133,1% аткарылган. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы 15 636,9 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 17 397,4 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 42 169,1 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 27 756,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 18 175,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11-пунктун, бузуу менен Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругу толук көлөмдө аткарылган эмес. Атап айтканда, **261,4** миң сом калыбына келтирилген эмес (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жиберилген жазма буйругун аткарбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Мындан ары, жазма буйруктарды милдеттүү түрдө аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын так аткарылышы камсыз кылынсын. 261,4 миң сомду калыбына келтирүү

боюнча иштиктүү чаралар көрүлсүн (курулуш-монтаждоо иштеринин көлөмүнүн жогорулатылышы).

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренесинин 1-бөлүгүн бузуу менен, бош кызмат ордуна кадрлардын резервинде турбаган кызматкер кабыл алынган, ага **113,9** миң сом эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, кызматкерлерди жумушка алууда, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 16-беренеси жетекчиликке алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, "Гидростроитель айылындагы орто мектептин китепканасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Ак-Бата Келечеги" ЖЧКсы тарабынан иштердин наркы **56,8** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган, "Гидростроитель айылындагы орто мектептин китепканасын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Ак-Бата Келечеги" ЖЧКсы тарабынан 56,8 миң сомго иштердин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын **27,0** миң сом суммасында 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети тарабынан алынган кирешенин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткаруу камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 27,0 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Курманбеков Т. жана Кубанычбеков Д.

**Кочкорбаев айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 15 035,7 миң сомго бекитилген, 17 932,7 миң сом суммасында такталып, иш жүзүндө аткарылышы 20 050,5 миң сомго аткарылган, же план 111,8% аткарылган. Жылдын башына карата акча каражаттарынын калдыгы 7 269,4 миң сомду тузгөн, анын ичинде атайын эсептин каражаттары боюнча 665,8 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 15 035,7 миң сомго бекитилген, 25 202,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 19 962,7 миң сом суммасында, иш жүзүндөгү чыгымдар 12 958,3 миң сом суммасында жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте, "Маданият үйүнүн жайларын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Азия прогресс групп" ЖЧКсы тарабынан иштердин көлөмүнүн **41,9** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган, ""Маданият үйүнүн жайларын оңдоо" объектиси боюнча подрядчы "Азия прогресс групп" ЖЧКсы тарабынан иштердин көлөмүнүн 41,9 миң сомго жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын **38,0** миң сом суммасында 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

Мындан ары, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитети тарабынан алынган кирешенин 1/3 бөлүгүн жергиликтүү бюджеттин кирешесине өз убагында которуу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын аткаруу камсыздалсын. Жайыт комитетинен мурда которулбаган 38,0 миң сом өндүрүлсүн.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Абдуллаев Ш. жана Кубанычбеков Д.

**Красная речка айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 13 995,5 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 19 213,9 миң сомго такталган, иш жүзүндө 21 062,0 миң сом түшкөн, же план 109,6% аткарылган. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы 5 253,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде атайын эсептеги каражаттар боюнча 113,7 миң сом.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 13 995,5 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 24 351,8 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 17 221,4 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылга АЧЖМФ жерлеринин ижарасынан түшкөн кирешенин такталган план-болжолу жылдын башына карата болгон дебитордук карызды эсепке албастан бекитилген, анын натыйжасында **266,4** миң сомго төмөндөтүлгөн, бул жергиликтүү бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

**2. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен, Навекат шаарчасын кайтаруу боюнча штаттык ырааттамага КТПнын 2 штаттан ашыкча бирдиги киргизилген, аларга аудит мезгилинде **64,8** миң сом өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Штаттык саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы № 451 "Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптарына так шайкеш келтирилсин.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Негизги каражаттардын тандалма аудитинде 2022-жылы чыгарылган, мам. номери 08KG669CE АМКОДОР 702ЕМ трактору бухгалтердик эсеп боюнча анын иш жүзүндөгү наркынан 150,0 миң сомго аз кириштелгени аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудиттин жүрүшүндө 2022-жылы чыгарылган, мам. номери 08KG669CE АМКОДОР 702ЕМ тракторунун баланстык наркы 150,0 миң сомго жогорулатылгандыгы эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 29-апрелиндеги №76 «Бухгалтердик эсеп» жөнүндө Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу

секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Алымкулова Ч.

**Логвиненко айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 14 152,9 миң сом суммасына бекитилген, жыл ичинде 22 227,4 миң сомго такталган, иш жүзүндө түшүүлөр 29 908,7 миң сомду түздү же план 134,6% га аткарылган. Жыл башына карата акча каражаттарынын калдыгы 11 078,5 миң сомду, анын ичинде атайын эсептеги каражаттар 13,4 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 14 152,9 миң сомго бекитилген, жыл ичинде 33 305,9 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 22 201,3 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Талдоо көрсөткөндөй, 2022-жылга АЧЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн кирешенин такталган план-болжолу 2 300,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген, бул мезгилде келишимдер жалпы суммасы 4 493,2 миң сомго түзүлгөн. Ошентип, бюджеттин киреше бөлүгү **2 193,2** миң сомго төмөндөтүлгөн, бул жергиликтүү бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарын бузуу менен, жумуш орундарын аттестациялоосуз, негизсиз **163,4** миң сом үстөк акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, эмгектин зыяндуу шарттары үчүн үстөк акы төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобо жетекчиликке алынсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте иштердин наркынын жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Чон-Далы айылында тышкы электр тармактарын киргизүү" объектиси боюнча подрядчы "Эльман строй" ЖЧКсы тарабынан 38,3 миң сомго ;
- «Сары-Жон айылынын жолун грейдирлөө» объектиси боюнча подрядчы «АСА Групп» тарабынан 17,8 миң сомго.

Бардыгы, иштин көлөмүнүн жогорулатылышы **56,1** миң сомго аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган иштин жогорулатылган наркын бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Чон-Далы айылында тышкы электр тармактарын киргизүү" объектиси боюнча подрядчы "Эльман строй" ЖЧКсы тарабынан 38,3 миң сом;
- «Сары-Жон айылынын жолун грейдирлөө» объектиси боюнча подрядчы «АСА Групп» тарабынан 17,8 миң сом.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен, АРИСтин каражаттарынын эсебинен **15 183,7** миң сомго курулган суу топтогуч балanska киришелген эмес.

**Сунуштама:**

АРИСтин каражаттарынын эсебинен 15 183,7 миң сомго курулган суу топтогуч аудиттин жүрүшүндө балanска кириштелгендиги эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспекторлор Курманбеков Т. жана Кубанычбеков Д.

**"Логвиненко айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү комбинаты" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Логвиненко айыл өкмөтү)

2022-жыл үчүн бирдиктүү салык декларациясына ылайык, ишкананын жылдык жыйынды кирешеси 100,5 миң сомду түзгөн, эсептен чыгарылууга тийиш болгон чыгашалар 98,7 миң сомду түзгөн. Ага ылайык, ишкана 1,8 миң сом киреше тапкан.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте кассир З.Картлыковадан **12,5** миң сом суммасындагы акча каражаттарынын жетпей калуусу аныкталган.

**Сунуштама:**

Кассир З.Картлыковадан 12,5 миң сом суммасында жетпей калган акча каражаттары аудиттин жүрүшүндө ишкананын кассасына калыбына келтирилгендиги эске алынсын. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Курманбеков Т.

**"Норус" муниципалдык ишканасы** (уюштуруучусу Логвиненко айыл өкмөтү)

2022-жылдагы финансылык жыйынтыктар боюнча отчетко ылайык, ишкананын кирешеси 999,6 миң сомду түзгөн, сатуу боюнча чыгашалар 1 493,6 миң сомду түзгөн, башка операциялык чыгымдар 19,5 миң сомду түзгөн. Буга ылайык, ишкана 513,5 миң сом зыян тарткан.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудит учурунда жаңы түзүлгөн "Норус" муниципалдык ишканасына жоюлган "Логвиненко айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү комбинаты" муниципалдык ишканасынын жана "Чоң-Далы-Суу"коомдук бирикмесинин негизги каражаттаыр жана бухгалтердик документтери берилбегендиги аныкталган.

**Сунуштама:**

Логвиненков айыл өкмөтү жоюлган "Логвиненко айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү комбинаты" муниципалдык ишканасынын жана "Чоң-Далы-Суу" коомдук бирикмесинин негизги каражаттарын жана бухгалтердик документтерин инвентаризациялоо жүргүзүлсүн жана жаңыдан түзүлгөн "Норус" муниципалдык ишканасына өткөрүп берилсин.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте кассир З.Картлыковадан **2,7** миң сом суммасындагы акча каражаттарынын жетпей калуусу аныкталган.

**Сунуштама:**

Кассир З.Картлыковадан 2,7 миң сом суммасында жетпей калган акча каражаттары аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилгендиги эске алынсын.

3. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аудитте 2022-жылдын 25-апрелинде иштен бошотулган ишкананын мурдагы башкы бухгалтери Р.А. Атабаевага 2022-жылдын май айында **7,4** миң сом өлчөмүндө эмгек акы негизсиз төлөнгөнүн аныкталды.

**Сунуштама:**

Ишкананын мурдагы башкы бухгалтери Р.А. Атабаевадан 7,4 миң сом өлчөмүндө негизсиз төлөнгөн эмгек акы өндүрүлсүн.

4. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Ишкананы директору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен, эсепке берилген **11,2** миң сом жөнүндө отчет тапшырган эмес.

**Сунуштама:**

Ишкананын директоруна эсеп бермеге алынган 11,2 миң сом үчүн отчет тапшырууга, же бул сумманы калыбына келтирүүгө милдеттендирилсин. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы № 231 “Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө” токтомунун талаптары так аткарылсын.

5. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бузуу менен, аудит мезгилинде **630,7** миң сомго товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган.

**Сунуштама:**

Мындан ары, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы № 301 токтому менен бекитилген, Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин талаптары так аткарылсын.

Аудит жүргүзгөн мамлекеттик инспектор Курманбеков Т.

**Люксембург айыл өкмөтү**

2022-жылга бюджеттин киреше бөлүгү 23 005,1 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 28 787,9 миң сомго такталган, иш жүзүндө 32 212,9 миң сомго аткарылган, же план 111,9% аткарылган. Жыл башындагы акча каражаттарынын калдыгы 2 882,1 миң сомду түзгөн.

Бюджеттин чыгаша бөлүгү 23 005,1 миң сом суммасында бекитилген, жыл ичинде 31 670,0 миң сомго такталган, кассалык чыгаша 27 379,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгаша 18 724,7 миң сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

2022-жылга айыл чарба багытындагы эмес жерлердин ижарасы боюнча 362,9 миң сом суммасында келишимдер түзүлгөн, ижара акысы боюнча дебитордук карыз жыл башында 204,2 миң сомду түзгөн. Мында, бул булак боюнча түшүүлөрдүн такталган пландык көрсөткүчү 2022-жылга 245,0 миң сом өлчөмүндө кабыл алынган, же бюджеттин киреше бөлүгү **322,1** миң сомго төмөндөтүлгөн.

**Сунуштама:**

Мындан ары, бюджеттин киреше бөлүгүн түзүүдө, кирешелердин болгон булактарын толук эсепке албагандыктын натыйжасында, түшүүлөрдүн пландык көрсөткүчтөрүн төмөндөтүү практикасы токтотулсун.

2. **Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Аткарылган курулуш-монтаждоо жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудитте подрядчы "АлЭрУн" ЖЧКсы тарабынан иштердин көлөмдөрүнүн жогорулатылгандыгы аныкталган:

- "Люксембург айылында Ленин-Совет көчөлөрүнүн кесилишинде светофорлорду жана тратуарларды орнотуу" объектиси боюнча 40,2 миң сомго;

- «Киргшелк айылында светофор объектилерин куруу» объектиси боюнча 39,6 миң сомго.

Бардыгы, иштин көлөмдөрүнүн жогорулатылышы **79,8** миң сомго аныкталган.

**Сунуштама:**

Аудитте аныкталган подрядчы "АлЭрУн" ЖЧКсы тарабынан иштердин жогорулатылган көлөмүн бюджетке калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- "Люксембург айылында Ленин-Совет көчөлөрүнүн кесилишинде светофорлорду жана тратуарларды орнотуу" объектиси боюнча 40,2 миң сом;

- «Киргшелк айылында светофор объектилерин куруу» объектиси боюнча 39,6 миң сом.

**3. Критерийлерди бузуулар жөнүндө корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 26-январындагы №30 «Жайыттар жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесин бузуу менен, жайыт комитети тарабынан жайыт жерлерин пайдалануу үчүн алынган акынын **47,8** миң сом суммасында 1/3 бөлүгү жергиликтүү бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама:**

